КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

ТОКТОМ

2026-жылдын 02-октябрь **№54** Барскоон айылы

К.Мамбетовдун атын Барскоон айылындагы көчөгө ыйгаруу жөнүндө

Барскоон айылынын тургундарынын Мамбетов Кубанбек Жамангуловичтин маданият тармагындагы, коомдук жана чарбалык ишмердүүлүгүн баалап, элесин түбөлүккө калтыруу максатында айылдагы бир көчөгө атын ыйгаруу боюнча кайрылуусун, Барскоон айыл өкмөтүнүн бул маселеге байланыштуу корутундусун карап жана талкуулап, "Барскоон айыл аймагынын калктуу пункттарынын көчөлөрүн жана башка курамдык бөлүктөрүн атоо, аталышын өзгөртүү тартиби жөнүндө" Жобого ылайык, Барскоон жергиликтүү кеңеши **токтом кылат**:

1. Мамбетов Кубанбек Жамангуловичтин ысымы Барскоон айылындагы Жаштык конушундагы 3-көчөгө ыйгарылсын жана мындан ары "Мамбетов Кубанбек Жамангулович" атындагы көчө болуп аталсын.
2. Демилгечи топко Мамбетов Кубанбек Жамангулович атындагы көчөнү мындан ары кароо (белгилерди орнотуу, жарыктандыруу, көчөнү түздөп, кум-шагыл төгүп, керектүү жерлериңе көпүрө орнотуу ж.б. иштерди алып баруу) жагы милдеттендирилсин.
3. Барскоон айыл өкмөт башчысы А.С.Калыков демилгечи топ менен биргеликте токтомго ылайык уюштуруу иштерин алып барсын.
4. Бул токтом Барскоон жергиликтүү кеңеши менен Барскоон айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтына жарыялансын.
5. Жергиликтүү кеңештин жооптуу катчысы Н.Шабданбаева бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү менен бирге ченемдик-укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтсүн.
6. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
7. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жер, муниципалдык менчик жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

Төрага **Ч.А.Ажыбеков**

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, баардыгы – 2 нуска